**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2012-жылдын I чейреги үчүн

**2012-жылдын апрель айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Урустемов С.А. |
| | Исакова Г.А. |
| | Бердигулова А.Р. |
| Жооптуу катчы: | Керимкулова Г.А. |


Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 051 телефону,
(996 312) 610 730 факсы
gkerimkulova@nbkr.kg   электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-90-09 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2012-жылдын 26-апрели.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Line Print" басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

©	Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2012-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***
Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, туруктаушууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун туруктаушуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма, жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

## МАЗМУНУ

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ..........................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш..................5
1.1.1. Суроо-талап.........................................................................................................5
1.1.2. Сунуш................................................................................................................11
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар ........................................................................12
1.3. Тышкы экономикалык шарттар.........................................................................................17
1.4. Алмашуу курсу..................................................................................................................20

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР.......................................................22

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр..................................22
2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы ...............................................................22
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы ..............................................24
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы ....................................................................25
2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы....................................................25
2.2. Базалык инфляция............................................................................................................26

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ...............................................................28

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери..........................................................28
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери..........................28

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР................................................30

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор...........................30
4.2. 2012-жылга жана 2012-жылдын II чейрегине карата инфляцияны болжолдоолор.......31

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ.........................................................................................34

ГЛОССАРИЙ.........................................................................................................................38

КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ......................................................................................42

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2012-жылдын январь-март айларындагы алдын-ала маалыматтар боюнча ИДӨнүн көлөмү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 6,8 пайызга төмөндөө менен күндөлүк бааларда 50,8 млрд. сомду түзгөн, ал эми 2011-жылдын январь-март айларында ИДӨнүн көлөмү 0,6 пайызга өскөн. «Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларды эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү 2012-жылдын биринчи чейрегинде 4,5 пайызга өскөн (2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 2,1 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору кароого алынып жаткан мезгилдеги алдын ала алынган маалыматтар боюнча 14,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2011-жылдын январь-март айларында тиешелүү көрсөткүч 12,7 пайызды түзгөн).

2011-жылдын жыйынтыгы боюнча[1] кирешелерди пайдалануу ыкмасы боюнча эсептелген ИДӨ 2011-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 5,7 пайызга өскөн (2011-жылы төмөндөө 0,5 пайызды түзгөн). ИДӨнүн өсүшү экспорттун 16,5 пайызга өсүшүнүн, ошондой эле үй чарбасын керектөөнүн 5,6 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыз болгон. Ички суроо-талаптын өсүшү (түпкү керектөөгө жана дүң топтоого чыгашалардын суммасы) 2011-жылы 4,1 пайызды түзсө, 2010-жылы тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 0,4 пайыз чегинде катталган. Керектөөнүн импортко олуттуу көз карандылыгын эске алганда, ички суроо-талаптын өсүшү 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча импорттун 13,7 пайызга өсүшүнө өбөлгө түзгөн.

**1.1.1-таблица. Чыгашалар боюнча ИДӨнүн реалдуу өсүш арымы**
*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил, пайыздарда)*

| | 2010 | | | | 2011 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I | II | III | IV |
| **Колдонулган ИДӨ** | **17,3** | **6,3** | **-0,2** | **-0,5** | **0,6** | **4,9** | **8,3** | **5,7** |
| Түпкү керектөө | -5,0 | -6,1 | -2,9 | 2,0 | 6,7 | 8,5 | 6,4 | 5,2 |
| Жекече керектөө | -5,4 | -6,9 | -3,3 | 2,2 | 7,1 | 9,2 | 6,9 | 5,5 |
| Үй чарбасы | -5,5 | -7,3 | -3,3 | 2,9 | 7,5 | 10,0 | 7,2 | 5,6 |
| ҮЧТКУ | -13,8 | -10,8 | -8,9 | -6,7 | 11,2 | 10,7 | 7,3 | 4,7 |
| Мамлекеттик мекемелердики | -2,3 | -3,3 | -2,5 | -2,5 | 2,7 | 3,1 | 4,2 | 4,5 |
| Жамааттык пайдалануу | -1,3 | 0,6 | 1,1 | 0,3 | 3,1 | 3,1 | 2,3 | 2,3 |
| Дүң топтоо | 20,7 | 13,7 | -1,0 | -5,2 | 7,9 | 10,2 | -2,3 | 0,3 |
| Экспорт | 31,3 | 1,0 | -9,2 | -11,7 | -13,8 | 6,6 | 19,5 | 16,5 |
| Импорт | -1,1 | -10,4 | -8,1 | -6,9 | -0,8 | 11,6 | 13,8 | 13,7 |

*Булагы УСК*

[1] Мында жана мындан ары текст боюнча: кыйла мурунку мезгилге карата шилтемелер 2012-жылдын биринчи чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.

Эмгек мигранттарынын акчалай которуулары өлкөдө ички суроо-талаптын өсүшүнө таасирин тийгизген негизги фактор бойдон калат. Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча отчеттук жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча акчалай которуулар ИДӨгө карата 25,3 пайызды түзгөн, ал эми 2011-жылдын биринчи чейрегинде бул көрсөткүч ИДӨгө карата 24,7 пайыз чегинде катталган. Акчалай которуулардын таза агылып кирүүсүнүн жалпы көлөмү 15,7 млн. АКШ долларына же 5,9 пайызга көбөйүү менен 280,2 млн. АКШ долларын түзгөн, мында өсүш арымы өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда төмөндөгөн (2011 –жылдын биринчи чейрегинде 37,6 пайызга). Акчалай которуулардын негизги үлүшү КМШ өлкөлөрүнөн (Россиядан – 95,5 пайыз, Казакстандан – 2,1 пайыз) түшсө, алыскы чет өлкөлөрдөн жеке адамдардын акчалай которууларынын жалпы көлөмүнөн 2,5 пайыз түшкөн.

**1.1.2-таблица. Акча которуу системалары боюнча жеке адамдардын акчалай которуулары***

*(млн. АКШ долларын)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | январь-март 2011 | январь-март 2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **893,2** | **1 124,9** | **1 505,4** | **264,5** | **280,2** |
| **Агылып кирүүлөр** | **966,7** | **1 252,6** | **1 695,4** | **301,8** | **324,2** |
| КМШ өлкөлөрү | 894,4 | 1 199,3 | 1 639,4 | 287,7 | 316,2 |
| Казакстан | 31,4 | 35,0 | 41,2 | 7,2 | 6,6 |
| Россия | 862,9 | 1 164,3 | 1 597,5 | 280,0 | 309,5 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,7 | 0,5 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 72,3 | 53,3 | 56,0 | 14,2 | 8,1 |
| Бельгия | 0,5 | 0,2 | 1,4 | 0,1 | 0,0 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,4 | 1,5 | 0,5 | 0,3 |
| Германия | 0,7 | 9,9 | 15,7 | 4,8 | 1,1 |
| АКШ | 69,5 | 41,7 | 36,1 | 8,2 | 6,6 |
| Жана башкалар | 0,3 | 0,1 | 1,3 | 0,6 | 0,0 |
| **Агылып чыгуулар** | **73,6** | **127,6** | **190,1** | **37,4** | **44,1** |
| КМШ өлкөлөрү | 71,8 | 125,8 | 185,8 | 36,8 | 42,8 |
| Казакстан | 0,7 | 0,4 | 0,7 | 0,3 | 0,2 |
| Россия | 71,1 | 125,4 | 184,9 | 36,2 | 42,6 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 0,3 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 1,8 | 4,3 | 0,6 | 1,2 |
| Бельгия | 0,2 | 0,5 | 0,6 | 0,1 | 0,0 |
| Германия | 0,4 | 0,3 | 1,4 | 0,3 | 0,2 |
| АКШ | 1,1 | 0,9 | 2,0 | 0,2 | 0,9 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,0 | 0,1 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана "Кыргызпочтасы" МИ аркылуу которуулар. Бул таблица акча которуу системаларынын катышуучуларынын ортосунда эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырган, эсептешүү банкынын жайгашкан жеринин негизинде түзүлгөн. Эсептешүү банкынын географиялык жайгашуусу акча которууларды түпкү жөнөтүүчү/алуучу жайгашкан өлкөдөн айырмаланышы мүмкүн.

** алдын ала алынган маалыматтар.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨнүн, ички суроо-талаптын жана акча которууларынын өзгөрүү динамикасы**

*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Үй чарбачылыгын тандап иликтөөлөрдүн натыйжасында 2011-жылдын экинчи чейрегинде калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмүндө кыйла камсыз болгон калктын акчалай кирешелеринин концентрациялануу үлүшү жогорку деңгээлде сакталып калган. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 4,5 п.п. көбөйүү менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 43,5 пайызын түзгөн. Кыйла камсыз болгон калктын 20 пайызынын кирешелеринин үлүшү 0,1 п.п көбөйүү менен 6,4 пайыз чегинде катталган.

**1.1.2-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**

*(жыл башынан тартып)*



Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2012-жылдын январь-март айларында 0,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,9 пайызды (2011-жылдын январь-март айларында бюджет ИДӨгө карата 3,2 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган) чегинде түптөлгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерден кирешелери жана алынган расмий трансферттери 2011-жылдын январь-март айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 14,3 пайызга көбөйүү менен 17,3 млрд. сомду (ИДӨгө карата 34,1 пайыз) түзгөн. Кирешелердин өсүшүнө салыктык кирешелер кыйла олуттуу салым кошушса (14,4 п.п.), салыктык эмес кирешелердин салымы 3,0 п.п чегинде катталган. Алынган расмий трансферттер өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 35,4 пайызга төмөндөгөн, натыйжада, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүшүнө терс салымын кошкон (-3,1 п.п.).

Салыктык кирешелердин түзүмүндө кирешеге жана пайдага салыктан түшүүлөрдүн 2,7 пайызга же 129,6 млн. сомго төмөндөөсү белгиленген, бул негизинен, «Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча ишканалардын дүң кирешесине салыктан түшүүлөрдүн, өндүрүштүн кыскаруусунун алкагын-да 54,5 пайызга же 1,1 млрд. сомго кыскаруусунун эсебинен жүргөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке жалпы чыгашалары 2011-жылдын январь-март айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда 35,8 пайызга же 4,7 млрд. сомго көбөйүү менен отчеттук жылдын январь-март айларында 17,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 35,0 пайызды түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 523,1 млн. сом чегинде түптөлгөн, бул 2011-жылдын январь-март айларындагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда, 59,5 млн. сомго же 10,2 пайызга аз.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин тартыштыгы 0,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,6 пайызды, кирешелери– 6,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 13,5 пайызды, чыгашалары – 7,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 14,1 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) отчеттук мезгил ичинде 1,3 млрд. сом же ИДӨгө карата 2,5 пайыз чегинде катталган. Кирешелери 20,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 41,1 пайызды, ал эми чыгашалары – 22,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 43,6 пайызды түзгөн.

**1.1.3-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөргө салыштырганда 8,7 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдагы 26,5 пайызга төмөндөөгө каршы 6,1 млрд. сомду түзгөн. Инвестициялардын тармактык түзүмүндө салымдардын жарымынан көбүрөөгү (64,9 пайыз) тоо кендерин иштетүүгө жана иштеп чыгуу өнөр жайына, соодага жана билим берүүгө туура келген.

**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | **январь-март 2011** | **январь-март 2012** | **январь-март 2012** | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы болуп, *млн. сом* | | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Бардыгы** | **5 263,9** | **6 104,6** | **100,0** | **108,7** |
| **Ички инвестициялар** | **4 287,2** | **5 250,7** | **86,0** | **114,8** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 433,9 | 85,6 | 1,4 | 18,5 |
| Жергиликтүү бюджет | 41,7 | 10,9 | 0,2 | 24,5 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 1 055,3 | 2 727,9 | 44,7 | 2,4 эсе |
| Банктын кредити | 2,8 | - | - | - |
| Калктын каражаты | 2 753,5 | 2 426,3 | 39,7 | 82,6 |
| **Тышкы инвестициялар** | **976,7** | **853,9** | **14,0** | **81,9** |
| Чет өлкө кредити | 187,3 | 165,5 | 2,7 | 82,8 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 587,4 | 448,9 | 7,4 | 71,6 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 202,0 | 239,5 | 3,9 | 111,1 |

*Булагы: УСК*

*2009-жылы инвестициялар боюнча булактар «Республикалык бюджет» статьясынан «Банктардын кредиттери» деген статьяга кайра квалификацияланган, 2011-жылы бул инвестицияларды каржылоо «Республикалык бюджет» статьясына кайтарылган.*

Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө кароого алынып жаткан мезгил ичинде инвестициялардын ички булактардын эсебинен көбөйүүсү жана тышкы каржылоо булактарынын эсебинен төмөндөөсү белгиленген. Алсак, ички инвестициялардын өсүшү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 14,8 пайызды түзсө, тышкы инвестициялар 18,1 пайызга төмөндөгөн. Ички инвестициялардын көбөйүүсү, ишканалардын жана уюмдардын (көбүнчө «Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларда инвестициялардын өсүшүнүн натыйжасында) каражаттарынын эсебинен инвестициялардын өсүшү менен шартталган.

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 4,7 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 32,7 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын кредит портфели 1,4 пайызга өскөн). Өлкөнүн коммерциялык банктарынын кредиттөөсүнүн өсүшү экономиканын бардык тармактарында белгиленген: кыйла олуттуу өсүш айыл-чарба чөйрөсүндө, азыраак өсүш курулуш секторунда.

**1.1.4-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | январь-март 2011 | | январь-март 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **26 749,2** | **101,4** | **32 685,7** | **104,7** |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 11 596,6 | 102,3 | 13 640,2 | 102,0 |
| Айыл чарбасы | 3 605,5 | 107,6 | 4 412,2 | 111,0 |
| Өнөр жайы | 1 517,1 | 102,5 | 1 805,3 | 108,4 |
| Ипотека | 2 772,9 | 97,2 | 3 054,8 | 102,4 |
| Курулуш | 1 894,4 | 92,9 | 1 752,8 | 100,4 |
| Керектөө кредиттери | 1 877,7 | 99,7 | 2 923,4 | 106,3 |
| Жана башкалар | 3 485,0 | 101,3 | 5 096,9 | 107,9 |

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин (БФКМ) түзүмү жыл ичинде 39,1 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын акырына карата 17,5 млрд. сомду түзгөн.

**1.1.5.-таблица БФКМдердин кредит портфелинин тармактык түзүмү***

| | янв.-дек. 2010 | | янв.- дек. 2011 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **12 577,2** | **34,0** | **17 493,3** | **39,1** |
| Айыл чарбасы | 5 073,0 | 36,0 | 6 911,2 | 36,2 |
| Соода жана коммерция | 3 310,5 | 7,1 | 4 553,1 | 37,5 |
| Жана башкалар | 2 393,3 | 93,4 | 3 280,1 | 37,1 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 545,8 | 14,9 | 492,3 | -9,8 |
| Керектөө кредиттери | 613,3 | 50,5 | 1 251,4 | 104,0 |
| Курулуш жана ипотека | 286,5 | 35,7 | 496,9 | 73,4 |
| Өнөр жайы | 205,8 | 18,2 | 248,7 | 20,8 |
| Транспорт жана байланыш | 116,8 | 200,4 | 215,0 | 84,0 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 32,3 | 40,4 | 44,7 | 38,2 |

* Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу жана ломбарддар тарабынан берилген кредиттерди эске албаганда, банктык эмес финансы-кредит мекемелердин кредит портфели.

### 1.1.2. Сунуш

Өнөр жай тармагындагы ишканалар ( 8,6 п.п.) «Кумтөр» алтын кенин иштетүү ишканаларында өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөөсүнүн эсебинен ИДӨнүн төмөндөөсүнө олуттуу салым кошушкан, алардын ИДӨгө салымы отчеттук жылдын март-январь айларында -10,5 п.п. түзгөн. Мында кызмат көрсөтүү (+2,1 п.п.), курулуш (+0,4 п.п.) жана айыл чарба (+0,1 п.п.) чөйрөсүндөгү ишканалар ИДӨнүн өсүш арымына алгылыктуу салым кошушкан.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы сунуштоонун көлөмү ИДӨнүн жалпы көлөмүнөн соода сектору тарабынан 16,7 пайызга, иштеп чыгуу өнөр жайы тарабынан –13,2 пайызга, айыл чарба продукцияларынан –11,4 пайызга, транспорт жана байланыштан–10,7 пайызга камсыз болгон.

**1.1.6-таблица. ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | январь-март 2011 | | январь-март 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң өнүм** | **0,6** | **0,6** | **-6,8** | **-6,8** |
| Дүң кошулган нарк | 0,5 | 0,6 | -6,8 | -6,0 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 0,4 | 0,0 | 1,0 | 0,1 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 26,6 | 0,1 | -3,7 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | -4,3 | -1,0 | -42,7 | -9,8 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 27,7 | 1,6 | 24,0 | 1,3 |
| Курулуш | -20,7 | -0,7 | 12,0 | 0,4 |
| Соода, ремонт | -4,1 | -0,6 | 6,8 | 1,1 |
| Мейманканалар жана тойканалар | -7,3 | -0,1 | 5,5 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 12,9 | 1,2 | 8,2 | 0,8 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 8,1 | 0,0 | -2,6 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | -2,5 | -0,1 | -3,1 | -0,1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 3,3 | 0,2 | 2,4 | 0,1 |
| Билим берүү | -1,2 | -0,1 | 5,4 | 0,2 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 2,2 | 0,1 | 1,5 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | 0,3 | 0,0 | -4,9 | -0,1 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 0,6 | 0,1 | -6,8 | -0,8 |

*Булагы: КР УСК*

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча кароого алынып жаткан мезгил ичинде өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 27,7 пайызга төмөндөгөн (2011-жылдын биринчи чейрегинде өнөр жай өндүрүшү 1,4 пайызга өскөн). Өнөр жай өндүрүшүнүн ФКИсинин төмөндөөсү негизинен, тоо кендерин казып алуу жана кайра иштетүү өнөр жайынын төмөндөөсү (тиешелүүлүгүнө жараша 3,7 жана 42,7 пайызга) менен шартталган. Текстилде жана өнөр жайда (37,6 пайызга), машина жана жабдуулар өндүрүшүндө (1,7 эсеге), химиялык өндүрүштө (27,7 пайызга) өсүш байкалган. «Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларды эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн ФКИсинин 17,2 пайыз деңгээлинде өсүшү катталган, ушул эле көрсөткүч 2011-жылы 11,9 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде соода жүгүртүүнүн көбөйүүсү 7,3 пайыз (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде 3,6 пайызга төмөндөө байкалган) чегинде катталган. Анын ичинде дүң соода жүгүртүүнүн өткөн жылдын биринчи чейрегиндеги 3,3 пайызга төмөндөөсүнө каршы 7,2 пайызга өсүшү, чекене сооданын 2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгындагы 5,4 пайызга төмөндөөсүнө каршы 6,1 пайызга өсүшү белгиленген.

**1.1.7 -таблица. Соода операцияларынын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | январь-март 2011 | | январь-март 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **96,4** | **100,0** | **107,3** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,2 | 96,6 | 3,0 | 102,1 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,5 | 108,4 | 0,5 | 95,6 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 9,9 | 106,1 | 11,3 | 116,8 |
| Дүң соода | 30,5 | 96,7 | 30,0 | 107,2 |
| Чекене соода | 55,7 | 94,6 | 55,0 | 106,1 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 83,1 | 0,2 | 94,2 |

*Булагы: КР УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2012-жылдын биринчи чейрегинде 1,9 пайызга (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде – 7,2 пайызга) кыскаруу менен ушул эле жылдын 1-апрелине карата 53,8 млрд. сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде акча базасы 1,0 млрд. сомго азайган. Улуттук банк акча-кредит саясатынын инструменттери аркылуу акча базасын 2,3 млрд. сомго төмөндөтсө, Өкмөттүн операциялары аны 1,3 млрд. сомго көбөйткөн (2011-жылдын биринчи чейрегинде акча базасынын азаюусу 3,5 млрд. сомду түзгөн, Улуттук банктын операциялары акча базасын 4,3 млрд. сомго азайтса, Өкмөттүн акча базасынын өсүшүнө кошкон салымы 0,8 млрд. сом чегинде катталган).

Жүгүртүүдөгү акчалар кароого алынып жаткан мезгил ичинде 3,1 пайызга төмөндөө менен (2011-жылдын ушундай эле мезгилинде азаюу 5,6 пайыз чегинде катталган эле) 2012-жылдын 1-апрелине карата 48,3 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү 2011-жылдын акырындагы 91,0 пайыздан 2012-жылдын март айынын акырына карата 89,9 пайызга чейин азайган, буга ылайык коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 9,0 пайыздан 10,1 пайызга чейин көбөйгөн.

**М2 акча топтому**

М2 (М0 + улуттук валютадагы депозиттер) акча массасы 2012-жылдын биринчи чейрегинде 0,7 пайызга (2011-жылдын биринчи чейрегинде М2 4,8 пайызга азайган) көбөйүү менен ушул эле жылдын 1-апрелине карата 62,6 млрд. сомду түзгөн. М2 акча топтомун түзүүчүлөр төмөнкүчө өзгөргөн: банктардан тышкаркы акчалар (М0) 2,5 пайызга азайса, ал эми улуттук валютадагы депозиттер 10,9 пайызга, анын ичинде мөөнөттүү депозиттер –15,1 пайызга, которулма депозиттер (талап боюнча төлөнүүчү) – 8,7 пайызга көбөйгөн.

**М2Х акча топтому**

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) отчеттук мезгил ичинде 1,8 пайызга (2011-жылдын биринчи чейрегинде М2Х 3,7 пайызга азайган) көбөйүү менен 2012-жылдын 1-апрелине карата 81,0 млрд. сомду түзгөн. М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү 8,1 пайызга, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер 10,9 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер –5,7 пайызга көбөйгөн (2011-жылдын биринчи чейрегинде депозиттердин жалпы көлөмүнүн 0,4 пайызга, ал эми банктардан тышкаркы акчалар– 5,9 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган).

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде М2Х акча массасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн:

– банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 59,4 пайыздан 56,9 пайызга чейин азайган;
– улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,7 пайыздан 20,4 пайызга чейин көбөйгөн;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,9 пайыздан 22,7 пайызга чейин көбөйгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын мультипликатору отчеттук мезгил ичинде 2011-жылдын декабрь айынын акырындагы 1,451 ден 2012-жылдын март айынын акырына карата 1,505 чейин (2011-жылдын март айынын акырына карата – 1,477) көбөйгөн.

М2Х акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монеттештирүү коэфициенти 2011-жылдын акырындагы 26,5 пайыздан 2012-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата 27,4 пайызга чейин (2011-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата– 27,4 пайызга) көбөйгөн. М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүргүртүү тездиги кароого алынып жаткан мезгил ичинде 2011-жылдын акырындагы 3,8 ден 2012-жылдын март айынын акырына карата 3,6га чейин (2011-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата – 3,7) төмөндөгөн.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде финансы рыногундагы жагдай банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээли шартында түптөлгөн. Мында, мамлекеттик казына облигацияларына суроо-талап, мурдагыдай эле, анчалык жогору эмес бойдон калган - өткөн мезгилге салыштырганда аларды сатуунун көлөмүнүн олуттуу төмөндөөсү жүргөн. Ушуну менен бирге эле, мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунун негизги көрсөткүчтөрүнүн калыптанышы, рыноктун бардык сегменттеринде кирешелүүлүктүн төмөндөөсү алкагында жүргөн.

**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




Каралып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк көбүнчө, бир чейректин жыйынтыгы боюнча 5,5 млрд. сомго жеткен жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын сунушун көбөйтүүнүн эсебинен, рынокко жайгаштырылуучу баалуу кагаздардын көлөмдөрүн көбөйтүүсүн уланткан, мында жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталар боюнча тиешелүү көрсөткүч, тиешелүүлүгүнө жараша 8,3 жана 4,2 пайызга төмөндөгөн.

Инвесторлор кыйла кирешелүү 28 күндүк ноталарга өзгөчө көңүл бурушкан, аны сатуунун айкын көрсөткүчү чейректин жыйынтыгы боюнча 5,9 млрд. сомду түзгөн. Натыйжада, сатуунун жалпы көрсөткүчү 2011-жылдын төртүнчү чейрегиндеги ушундай эле натыйжадан 23,5 пайызга артуу менен 8,5 млрд. сом өлчөмүндө түптөлгөн. Баалуу кагаздардын түрлөрү боюнча кирешелүүлүк көрсөткүчүнүн төмөндөөсү ноталардын бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүктүн өткөн чейрекке салыштырганда азаюусу менен шартталган. Көбүнчө, жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 6,1 пайызды түзүү менен 1,3 п.п., жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталардыкы 0,9 п.п., 7,6 пайызга, 28 күндүк ноталардыкы 3,0 п.п., 10,5 пайызга чейин төмөндөгөн. Ушуну менен бирге эле, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 7- жана 14-күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 1,5 п.п., ал эми 28-күндүк ноталардыкы 4,0 п.п. көбөйгөн.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**




Март айынына акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл башынан бери 4,1 п.п. төмөндөө менен 9,6 пайызды түзгөн. Натыйжада «овернайт» кредити боюнча чен чейрек ичинде орточо 13,6 пайыз өлчөмүндө түптөлүү менен төмөндөгөн, ал эми бир мезгил ичинде берилген «овернайт» кредиттеринин көлөмү 173,5 млн. сом чегинде катталган.

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде МКОлор боюнча үч аукцион өткөрүлгөн, анда жалпысынан 305,4 млн. сом суммасында баалуу кагаздарды жайгаштыруу ишке ашырылган, бул, өткөн чейректеги тиешелүү көрсөткүчтөн 75,7 пайызга төмөн. Сатуу көлөмүнүн төмөндөөсү инвесторлор тарабынан суроо-талаптын олуттуу түшүүсүнө таасирин тийгизет, эң төмөнкү деңгээл жыл башында белгиленген, андан кийин сатуунун орточо аукциондук көлөмү кайрадан акырындап жогорулоо жагы-на өзгөрө баштаган. Мында, сунуштун көлөмү (кошумча жайгаштырууларды эске алуу менен) 2011-жылдын төртүнчү чейрегинде орточо алганда бир аукциондогу 159,4 млн. сомдон, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 137,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Натыйжада,

МКОлордун кирешелүүлүгүнүн орточо мааниси кароого алынып жаткан мезгил ичинде 16,0 пайызга (-1,1 п.п.) төмөндөгөн. 2011-жылдагы ушундай эле мезгилге карата МКОлордун кирешелүүлүгү 3,1 п.п. төмөндөгөн.

Январь-март айларында баалуу кагаздардын бардык сунушталган түрлөрү боюнча суроо-талаптын жогорулоосунун алкагында түптөлгөн, МКВларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү өткөн мезгилге салыштырганда 23,2 пайызга, 1,0 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Рынокто жигердүүлүктүн жогорулагандыгына карабастан, баалуу кагаздар боюнча кирешелүүлүктүн орточо көрсөткүчү 12,2 пайызга (-1,7 п.п.) азайган. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 6,5 пайызды түзүү менен 0,7 п.п., 6 айлык МКВлардыкы – 1,8 п.п., 11,5 пайызга чейин, 12 айлык МКВлардыкы 1,7 п.п., 13,3 пайызга чейин азайган. 2011-жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээлинин көрсөткүчү жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 12 айлык МКВлар сегментинде кирешелүүлүктүн, тиешелүүлүгүнө жараша 1,0 и 1,4 п.п. төмөндөөсүнүн эсебинен 1,2 п.п. азайган, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВлар боюнча кирешелүүлүк 1,0 п.п. жогорулаган.

**1.2.4-сүрөт. МКВлардын кирешелүүлүк динамикасы**




Ошол эле учурда, ордун жабуу мөөнөтүнө чейин («аутрайт» шарттарында) МКВларды сатып алуу/сатуу боюнча банктар аралык операциялардын көлөмү экинчилик рыногунда 39,7 млн. сомду түзүү менен 20,9 пайызга жогорулаган. Бул бүтүмдөрдө МКВлардын ордун жабууга чейинки орточо салмактанып алынган мөөнөт 241 күндү, ал эми орточо айлык чен 11,6 пайызды түзгөн.

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде банк тутумунда ликвиддүүлүктүн кескин өзгөрүүсүнүн орун албагандыгы шартында, банктар аралык кредит рыногунун катышуучулары тарабынан ресурстарга карата суроо-талаптын төмөндөөсү белгиленген. Мында, улуттук валютада сунушталган карыздын бардык түрлөрү боюнча жайгаштырылган кредиттик каражаттардын көлөмүнүн төмөндөөсү сом түрүндөгү ресурстардын наркынын азаюусуна таасирин тийгизген.

Алсак, улуттук валютада карыз алуулардын суммардык көлөмү кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда өткөн чейректеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 22,6 пайызга төмөндөө менен 1,4 млрд. сомду түзгөн. Бүтүмдөрдүн олуттуу бөлүгү, мурдагыдай эле, 1,3 млрд. сом (-24,0 пайыз) өлчөмүндө түптөлгөн репо-операциялар сегментинде келишилген, ал эми ошол эле учурда, сом түрүндөгү кредиттик операциялардын көлөмү 40,0 млн. сомду (-60,4 пайыз) түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде репо операциялары боюнча пайыздык чендин орточо алынган мааниси 0,3 п.п., 10,3 пайызга чейин, кредиттик операциялар боюнча –0,7 п.п., 10,0 пайызга чейин төмөндөгөн. 2011-жылдын тиешелүү чейрегиндеги орточо салмактанып алынган пайыздык ченге салыштырганда репо жана жөнөкөй кредиттик операциялар боюнча чен, тиешелүүлүгүнө жараша 3,5 жана 3,0 п.п. өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмү кредиттик ресурстардын ички банктар аралык рыногунда жылдык 1,5 пайыз орточо пайыздык чен менен 79,6 млн. сомду түзгөн.

## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы[1] 2012-жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 2,9 эсеге көбөйүү менен 623,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү 2011-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 25,5 пайызга өсүү менен 1 502,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө.

Товарлар экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын биринчи чейрегине салыштырганда 10,7 пайызга кыскаруу менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 439,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде алтындын экспортунун көлөмү олуттуу түшкөн, бул экспорттун жалпы түзүмүндө аталган статьянын үлүшүнүн кыскаруусуна себеп болгон. Ошондой болсо да, алтын экспорттун чогуу алгандагы көлөмүндө олуттуу үлүштү (27,9 пайыз) ээлеген, бул суммардык мааниде 122,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

Мындан тышкары, жашылчаларды, дизель отунун, металл сыныктарын жана кара металл калдыктарын, ошондой эле автомобиль тетиктерин жана ага тиешелүүлөрдү берүүлөрдүн төмөндөгөндүгү белгиленген. Ушуну менен бирге эле, чоюнду жана болотту, жемиштерди жана жаңгактарды, авиакеросинди (реэкспорт) жана электр тогун берүүлөрдүн көбөйүүсү байкалган.

**1.1.8-таблица. Экспорттуни функционалдык түзүмү**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 3 ай 11 | 3 ай 12* |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| Керектөө товарлары | 16,1 | 23,6 | 20,6 | 18,4 | 21,0 |
| Азык-түлүк товарлары | 7,5 | 11,1 | 9,7 | 9,6 | 10,2 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 8,7 | 12,6 | 10,9 | 8,8 | 10,8 |
| Чийки заттар | 21,8 | 13,6 | 5,9 | 2,2 | 17,5 |
| Аралык товарлар | 43,7 | 52,3 | 61,1 | 71,4 | 45,0 |
| Инвестициялык товарлар | 2,7 | 2,5 | 3,3 | 1,4 | 6,7 |
| Энергопродукциялар | 15,7 | 7,9 | 9,0 | 6,6 | 9,7 |

* алдын ала алынган маалыматтар.

Отчеттук мезгилде экспорттолуучу товарлардын негизги топторунун салыштырма салмагы[1] төмөнкүчө түптөлгөн: аралык товарлар – 45,0 пайыз, керектөө товарлары – 21,0 пайыз, чийки заттар – 17,5 пайыз, энергопродукциялар жана инвестициялык товарлар, тиешелүүлүгүнө жараша – 9,7 жана 6,7 пайыз.

Керектөө багытындагы товарлардын экспорту 0,7 пайызга өсүү менен 82,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай тенденция азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөрдүн 8,2 пайызга өсүшү менен камсыз болгон, ал эми азык-түлүк товарларын берүүлөр 6,2 пайызга төмөндөгөн.

Азык-түлүк товарларды берүүлөрдүн кыскаруусу негизинен, жашылчалардын экспортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөшүнөн (35,9 пайызга же 10,3 млн. АКШ долларына), ошондой эле кофени жана чайды берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн түшүүсүнөн (36,0 пайызга жана 0,4 млн. АКШ долларына) улам жүргөн. Ошондой эле, минералдык сууларды жана алкоголсуз ичимдиктерди берүүлөрдүн физикалык көлөмү да төмөндөгөн, бул аталган статьянын экспортунун көлөмүнүн 33,5 пайызга же 0,4 млн. АКШ долларына кыскаруусуна алып келген. Мында, жемиштердин жана

[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

жаңгактардын экспортунун 2,5 эсеге (4,7 млн. АКШ долларына) жана сүт азыктарынын 1,5 эсеге (1,9 млн. АКШ долларына) өсүшү белгиленген.

Азык-түлүктөн башка товарлардын түзүмүндө экспорттун өсүшү кийим-кече жана ага тиешелүүлөр (6,7 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына) жана ысытуу лампалары (7,5 пайызга же 0,3 млн. АКШ долларына) сыяктуу товардык позициялардын эсебинен камсыз болгон. Ушуну менен катар эле бут кийимди берүүлөрдүн кыскаруусу (47,2 пайызга же 0,3 млн. АКШ долларына) белгиленген.

ФОБ баасында товарлардын импорту[1] кароого алынып жаткан мезгил ичинде 1 062,9 млн. АКШ долларын түзүү менен 1,5 эсеге өскөн. Мунайзаттары, мурда колдонууда болгон транспорттук каражаттар, жаратылыш газы, жер семирткичтер, чоюн жана болот импорттун динамикасын аныктаган негизги статьялардан болуп саналышат. Белгиленген статьялардын ичинен олуттуу өзгөрүү мунайзаттарына (2,8 эсеге же 208,0 млн. АКШ долларына өсүш) туура келет. Түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнөн улам, дизель отунунун (3,0 эсеге же 47,8 млн. АКШ долларына) жана автомобиль бензининин (2,1 эсеге же 57,6 млн. АКШ долларына) импортунун көлөмү олуттуу өскөн.

**1.1.9-таблица. Импорттун функционалдык түзүмү**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 3 ай 11 | 3 ай 12* |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| Керектөө товарлары | 32,1 | 34,5 | 37,7 | 40,3 | 29,6 |
| Азык-түлүк товарлары | 12,0 | 13,5 | 13,6 | 15,6 | 11,1 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 20,1 | 21,0 | 24,1 | 24,6 | 18,5 |
| Чийки заттар | 6,3 | 3,7 | 3,6 | 4,4 | 3,9 |
| Аралык товарлар | 22,4 | 21,2 | 22,2 | 21,4 | 20,3 |
| Инвестициялык товарлар | 12,9 | 14,1 | 13,8 | 14,1 | 12,4 |
| Энергопродукциялар | 26,4 | 26,5 | 22,7 | 19,8 | 33,7 |

* алдын ала алынган маалыматтар.

Импорттун функционалдык түзүмүндө[2] кароого алынып жаткан мезгил ичинде энергопродукциялардын үлүшү олуттуу өскөн (импортун чогуу алгандагы көлөмүнөн 33,7 пайызга), натыйжада, нарктык көлөмүнүн өсүшүнө карабастан, керектөө товарларынын үлүшү 29,6 пайызга чейин кыскарган. Аралык товарлар импорттун 20,3 пайызын, инвестициялык товарлар 12,4 пайызын ээлешкен.

Отчеттук чейректе керектөө багытындагы товарлардын импорту 11,2 пайызга көбөйүү менен 342,1 млн. АКШ доллары көлөмүнө жеткен. Мында, азык-түлүк товарларына караганда азык-түлүктөн башка товарлар боюнча (тиешелүүлүгүнө жараша 13,4 жана 7,8 пайызга) кыйла динамикалуу өсүш тенденциясы байкалууда.

Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө импорттук бааларды бир аз

[1] СИФ Импорту 1 330,7 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы – 663,2 млн. АКШ долл. түзгөн.

[2] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

төмөндөтүүдө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшүнүн натыйжасында өсүмдүк майларын жана тоң майларды берүүлөр (48,0 пайызга же 4,0 млн. АКШ долларына) өскөн. Ошондой эле, көбүнчө импорттук баалардын өсүшүнүн эсебинен башка тамак-аш продуктуларынын[1] (30,4 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына), жемиштердин жана жаңгактардын (1,0 пайызга же 0,1 млн. АКШ долларына) импортунун көлөмү көбөйгөн. Ушуну менен катар эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусу кофенин жана чайдын (25,3 пайызга же 4,2 млн. АКШ долларына), ундун (43,4 пайызга же 3,8 млн. АКШ долларына) жана эттин (18,4 пайызга же 3,8 млн. АКШ долларына) импортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөөсүн шарттаган.

Азык-түлүктөн башка товарлардын курамында физикалык көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен сыяктуу эле, импорттук баалардын өсүшүнүн эсебинен да мурда колдонууда болгон транспорт каражаттарын жана автоунааларды берүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн (1,9 эсеге (32,2 млн. АКШ долларына) өсүшү байкалган. Ошондой эле, отчеттук мезгил ичинде тамекини берүүнүн көлөмү нарктык мааниде 32,5 пайызга же 2,0 млн. АКШ долларына өскөн. Мында, физикалык көлөмдүн өсүшүндө сатып алуу бааларынын төмөндөөсү дары-дармектердин түшүүлөрүнүн (19,4 пайызга же 8,1 млн. АКШ долларына) кыскаруусун шарттаган. Мындан тышкары, жеңил автоунаалардын жана эл ташуу үчүн арналган транспорт каражаттарынын (3,0 эсеге же 4,5 млн. АКШ долларына), эфир майларынын (17,7 пайызга же 3,0 млн. АКШ долларына), кийим-кече жана ага тиешелүүлөрдүн (6,8 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына) жана бут кийимдин (12,5 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына) импорттук түшүүлөрүнүн төмөндөөсү белгиленген.

## 1.4. Алмашуу курсу

2012-жылдын январь-март айларында АКШ долларынын алмашуу курсунун ар багыттуу динамикасы байкалган. Курстун өсүшүнө тиешелүү жагдай, банктык продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн импорттук контрактыларын тейлөө көлөмүнүн көбөйүүсү менен шартталган, өткөн жылдан бери сакталып турган жогорулоо тенденциясынын таасиринен улам калыптанган. Бир аз төмөндөгөндөн кийин, кийинки айда алмашуу курсу март айынын акырына карата абал боюнча 46,8275 өлчөмүндө түптөлүү менен (2011-жылдын мартында алмашуу курсу 0,5 пайызга төмөндөгөн) кайрадан жогорулаган (0,7 пайызга).

Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын алкагында Улуттук банк, улуттук жана чет өлкө валюталарында интервенцияларды жүзөгө ашыруу аркылуу ички валюта рыногуна өз катышуусун олуттуу азайткан. Бүтүндөй алганда, кароого алынып жаткан мезгил ичинде байкалган рыноктук суроо-

[2] Тамак-ашка кошуу үчүн арналган витаминдердин жана минералдык заттардын аралашмасы, белок кошулмалары, балдар үчүн азыктар ж.б.

талаптын жана сунуштун балансы Улуттук банктын катышуу үлүшүн чектөөгө өбөлгө түзгөн – ал тарабынан жүзөгө ашырылган АКШ долларын сатуу боюнча операциялардын көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда 68,6 пайызга, 35,1 млн. долларына чейин азайган, ал эми АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 4,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 71,3 пайызга түшкөн (2011-жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырганда Улуттук банктын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү 43,9 пайызга азайган, валютаны сатып алуу боюнча операциялар өткөн жылдын биринчи чейрегинде ишке ашырылган эмес). Ошентип, бир мезгил ичинде таза сатуунун көрсөткүчү 30,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын валюта интервенцияларынын валютасы болуп АКШ доллары саналган, башка валюталарда операциялар жүргүзүлгөн эмес.

АКШ долларынын эсептик курсу март айынын акырына карата чейрек ичинде 0,7 пайызга жогорулоо менен 47,2448 сом/АКШ долларын түзгөн (2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсептик курсу чейрек ичинде 0,3 пайызга көбөйүү менен 46,8275 сом/АКШ долларын түзгөн).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**



# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр

Инфляциянын жылдык мааниси 2012-жылдын март айында (2011-жылдын март айына карата) 0,2 пайызды түзгөн, ал эми 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчү 20,9 пайыз чегинде катталган. КБИ куржунун түзүмүндө азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын өсүшү олуттуу салым кошкон. Товарлардын бул тобу жылдык мааниде 10,4 пайызга кымбаттаса, азык-түлүк товарларына баа 8,3 пайызга төмөндөгөн, ал эми алкоголдуу ичимдиктерге жана тамеки заттарына баа 9,8 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 10,1 пайызга өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде республикада 2011-жылдагы мол түшүмдүүлүктөн улам, азык-түлүк товарларына карата дүйнөлүк баанын өсүшүнүн басаңдоосунун алкагында, негизги азык-түлүк товарларына баанын (нан азыктарына жана таруууга, жемиштерге жана жашылчаларга, этке, кантка) төмөндөөсү уланган.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамкиасы жана аны түзүүчүлөр**




2012-жылдын биринчи чейрегинде керектөө бааларынын индекси 100,9 пайызды (2011-жылдын биринчи чейрегинде – 106,4 пайызга) түзгөн. Анын ичинде тамак-аш азыктарына баалардын индекси 99,4 пайыз, алкоголдуу ичимдиктерге жана тамеки заттарына – 101,2 пайыз, азык-түлүктөн башка товарларга – 102,6 пайыз, акы төлөнүүчү кызматтарга – 101,6 пайыз чегинде катталган.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы

Азык-түлүк товарларына карата баа жылдык мааниде 2012-жылдын

март айынын жыйынтыгы боюнча 8,3 пайызга төмөндөсө (2011 –жылдын тиешелүү мезгилинде баалар жылдык мааниде 35,3 пайызга өскөн), «нан азыктары жана таруу» товардык тобуна баа 15,8 пайызга, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну – 26,9 пайызга төмөндөгөн. Мында, 2011-жылдын биринчи чейреги ичинде нан азыктары жана таруу көбүнчө, өндүрүүчү өлкөлөрдө жана республикада дан эгиндеринин жана башка айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүүлүгүнүн сакталып калган таасиринин алкагында 3,8 пайызга арзандаган. Сүт азыктарына баалар жылдык мааниде 6,4 пайызга, ал эми мөмө –жемиш продукцияларына 29,4 пайызга төмөндөгөн.

**2.1.2-сүрөт. Азык-түлүк товарларына карата баалардын жылдык динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мөмө-жемиш продукцияларына баа 3,2 пайызга, анын ичинде жемиштерге 1,6 пайызга өссө, жашылчалар 3,9 пайызга кымбаттаган. Жылдык мааниде «жемиштер жана жашылчалар» товардык тобу 29,4 пайызга арзан болгон: жемиштерге баа 15,3 пайызга төмөндөсө, жашылчалар 34,4 пайызга арзандаган.

Дүйнөлүк рынокто кантка карата баа Кыргызстандын ички рыногундагы баалардын туруктуулугун шарттоо менен өз туруктуулугун да сактап келүүдө. Жылдык мааниде бул продуктка карата баа 20,8 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылдын март айында кантка карата баа жылдык мааниде 19,3 пайызга өскөн.

Республикада жана өндүрүүчү өлкөлөрдө май алынуучу өсүмдүктөрдүн мол түшүмдүүлүгүнүн сакталып калган таасири майга жана тоң майларга карата ички баанын өсүш арымынын басаңдоосун шарттайт. Алсак, «май жана тоң майлар» товардык тобу боюнча баалардын жылдык өсүш арымы 2012-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча, өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги 40,4 пайызга каршы 1,2 пайызды түзгөн.

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде сүт азыктарына керектөө бааларынын жогорулоосу белгиленген, ал 1,6 пайыз чегинде катталган.

Сүт азыктары жылдык өлчөөдө 7,3 пайызга кымбаттаган, бул 2011-жылдын декабрь айындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 1,6 п.п. төмөн.

Этке карата баа отчеттук жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 14,4 пайызга өскөн. 2012-жылдын башталышынан тартып этке карата баа бир аз төмөндөй баштаган (орточо алганда айына 0,1 пайызга), бул көбүнчө импорттолуучу эттин наркынын төмөндөөсү менен шартталган.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын индексинин өсүшү жылдык мааниде 10,4 пайызды түзгөн, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 1,6 п.п. төмөн. Алсак, кийимге жана бут кийимге карата баа көбүнчө, аялдардын жана эркектердин кийимдеринин, тиешелүүлүгүнө жараша 11,5 пайызга жана 11,0 пайызга кымбатташынын эсебинен 12,8 пайызга жогорулаган. «Электроэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» тобу боюнча баалардын жогорулоосу (жылдык мааниде + 5,2 пайызга) катталган. «Үй тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы» тобу боюнча баалардын өсүшү (+12,7 пайызга) катталган. Тиричилик текстиль буюмдарынын (+15,0 пайызга), ошондой эле эмеректин жана полго төшөлмөлөрдүн (+12,4 пайызга) кымбатташы, мындай динамиканын түптөлүшүнө себеп болгон. Жылдык мааниде күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы 11,1 пайызга өскөн, анын ичинде бензинге баа 11,4 пайызга, дизель отунуна–16,2 пайызга өскөн. 2012-жылдын биринчи чейрегинде КММга баа 2,4 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде бензин 2,7 пайызга арзандаса, дизель отунуна баа 1,4 пайызга өскөн.

**2.1.3-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын жылдык динамикасы**



### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Карооого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын индекси жылдык өлчөөдө 10,1 пайызга (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде 11,6 пайызга) өскөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү, негизинен, тойканалардын жана мейманканалардын 18,2 пайызга, ошондой эле билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+14,8 пайызга) жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+8,7 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Ал эми саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү 11,7 пайызга кымбаттаган.

**2.1.4-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызматтарга баалардын жылдык динамикасы**




### 2.1.4. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы

2012-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча республиканын бардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүш арымынын басаңдоосу байкалган. Баткен жана Ош областтарында баалар, тиешелүүлүгүнө жараша 10,5 жана 4,6 пайызга, Жалал-Абад областында – 4,9 пайызга, Талас областында –2,0 пайызга, Нарын областында – 5,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Чүй областында баалар 0,3 пайызга өссө, Ысык-Көл областында баалардын индекси 4,3 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын борборунда баанын 1,9 пайызга төмөндөөсү белгиленген, мында тамак-аш азыктары 9,6 пайызга арзандаса, алкоголдуу ичимдиктер жана тамекинин баасы 7,9 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар – 6,3 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтар – 6,8 пайызга өскөн.

**2.1.5-сүрөт. Аймактарда КБИнин жылдык динамикасы**
*(пайыздар)*




## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баалардын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн жокко чыгаруучу инфляциянын тренди катары аныкталат, башкача айтканда, инфляциянын көрсөткүчүнүн эсебинен начар түшүмдүүлүк, КММ рыногундагы баалык таасирлер, тарифтердин административдик өзгөрүүлөрү жана башкалар сыяктуу, сезондук жана тышкы факторлор менен шартталган товарларга баалардын өсүшү алынып салынат.

Төмөндө жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептелген, базалык инфляциянын динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма керектөө бааларынын индексинен баалары, эрежедегидей эле, бир жолку жана/же кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ, тышкы соккуларга ийкемдүү болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир категорияларын же максаттуу топторун алып салууну болжойт. Мурдатан бери эле, мындай товарларга кээ бир азык-түлүк товарлары, энергия алып жүрүүчүлөр жана Өкмөт тарабынан административдүү белгиленген тарифтер кирет.

Базалык инфляциянын мааниси Кыргыз Республикасынын УСКнын ыкмасы боюнча 2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 2,3 пайызды түзгөн, ал эми «арылтылбаган» инфляция 0,2 пайыз чегинде катталган. Базалык инфляция 4 түн көрсөткүчтөрүнүн графикалык чагылдырылышы, азык-түлүк рыногунда түптөлгөн тенденция республикада керектөө бааларынын динамикасы үчүн аныктоочу фактор болуп санала тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Бул көрсөткүч туруктуу динамикага жана маанилердин бир аз дисперсиясына ээ.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) май жана тоң майлар 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 2- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жемиштер жана жашылчалар 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 3- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) сүт азыктары 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 4- азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

Базалык инфляция -УСК –сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту, байланыш жана башка айрым кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу товарлар алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

2012-жылдын биринчи чейрегинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан (мындан ары Банк Башкармасы) акча-кредит саясаты жагында төмөнкүдөй чечим кабыл алынган:

Акча-кредит чөйрөсүндө учурда орун алган жагдайга баа берүү жана экономиканын негизги секторлоруна иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында, Улуттук банк Башкармасы 2011-жылдын 27-февралында 2011-жыл үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту кароого алган жана жактырган (№9/1 токтом). 2010-жыл үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчеттун кыскартылган версиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине, Президенттин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Өкмөттүк Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Экономика жана монополияга каршы саясат министрлигине жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары-Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Байкоого алынуучу мезгил ичинде банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган, 2012-2014-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, алдыдагы мезгил үчүн акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттардан жана маселелерден улам, ошондой эле, банк тутумунун абалын жана салыктык-бюджеттик чөйрөдөгү жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталат.

Отчеттук мезгил ичинде Комитеттин 12 отуруму өткөрүлгөн. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу Улуттук банктын ноталарынын ар жумалык аукциондорун, ошондой эле коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча алып салуу максатында, МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Өлкөдө сакталып турган инфляциялык тобокелдиктерди эске алуу менен Комитет 2012-жылдын биринчи чейрегинде Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын индикативдүү көлөмүн 2011-жылдын акырындагы 1,5 млрд. сом деңгээлинен 2012-жылдын март айынын акырына карата 2,2 млрд. сомго чейин көбөйткөн.

2012-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын ноталарын сатуунун көлөмү 8,5 млрд. сомду, МБКларды репо шарттарында сатуунун көлөмү 1,9 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2012-жылдын март айынын акырына карата 2,1 млрд. сом чегинде түптөлгөн. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу отчеттук мезгилде сомдук эквивалентинде 1,4 млрд. сомду түзгөн.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор

«Кыргыз Республикасында 2011-жылдын IV чейреги үчүн инфляция боюнча баяндама» басылмасында жарыяланган ИДӨ болжолдоолору 2012-жылга каралган базалык сценарийге ылайык, республикада экономикалык өсүш 5,0 пайыз деңгээлинде күтүлгөн. Бул болжолдоо төмөнкү тышкы экономикалык мүнөздөгү тобокелдиктерди эске алуу менен экономикада учурдагы тенденциялардын сакталып калуусу жөнүндө болжолдоолорго негизденген: дүйнөлүк экономикадагы макроэкономикалык дисбаланс, товардык-сырьелук рыноктордо баалардын жогорулоо динамикасынын башталышы жана дүйнөлүк экономикадагы кайталанма рецессия тобокелдиги.

Өтүп жаткан жылдын март айында «Центерра Голд Инк.» «Кумтөр» тоо-кендерин казып алуу ишканасында өндүрүштүн көлөмүнүн 2012-жылга болжолун кайра карап чыгууну жарыялаган, ал болжолго ылайык, 2012-жыл ичинде алтынды казып алуу мурда жарыяланган 17,8-19,4 тоннанын ордуна 12,1-12,8 тонна деңгээлинде пландаштырылууда. Бул билдирүү өлкөнүн экономикалык өнүгүү болжолдоосуна олуттуу коррективаларды киргизген. Болжолдонуп жаткандай, өндүрүштүн көлөмүнүн мындай төмөндөөсү экономиканын өсүшүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн, бюджетке чегерүүлөр кыскарат, ал эми бул, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгынын көбөйүүсүнө алып келиши ыктымал. Мындан тышкары, алтынды казып алуунун кыскаруусу өлкөнүн төлөм теңдеминин болжолдоосун өзгөрүүгө дуушар кылат (алтындын экспортунун көлөмүнүн кыскаруусу, тике чет өлкө инвестицияларынын (пайданы кайра инвестициялоо боюнча) жана алар боюнча кирешелердин (ошондой эле кызмат көрсөтүүлөр жагында) көлөмүнүн төмөндөөсү).

Айыл-чарбасы боюнча 2012-жылдын биринчи чейреги ичинде маалыматтар, ИДӨ болжолдоосунун өзгөрүүсүн шарттаган кошумча факторлордон болушу мүмкүн. Сууктун узарып кетишине байланыштуу айдоо иштерин кыйла кийинки мөөнөттөргө калтыруудан улам түптөлгөн айдап-себүү көрсөткүчтөрүнүн төмөндүгү, айыл-чарба иштеринин бардык түрлөрү боюнча белгиленген. Жазгы-талаа иштерин жүргүзүүнүн графиктен кечеңдетилиши, түшүм жыйноо мезгилинин кыйла суук күндөргө жылдырылгандыгына жана түшүмдүн кеч күздө жыйналышына байланыштуу орун алган кыйынчылыктардын натыйжасында келечекте начар түшүм алынып калышын шартташы мүмкүн. Айыл-чарба продукцияларын өндүрүүнүн начарлашы керектөө импортуна көз карандуулуктун артышына жана айыл-чарба продукциясынын экспортунун көлөмүнүн төмөндөөсүнө таасир этиши ыктымал (2011-жылы айыл-чарба продукциясынын экспорту Кыргыз Республикасынын экспортунун жалпы көлөмүнүн 19,6 пайызын ээлеген. Мында, жазгы-талаа жумуштарынын

кечиктирилишинен улам келип чыккан чыгымдын көлөмүн бул иштер аяктагандан кийин гана толук көлөмдө баалоого болот.

Аба-ырайынын катаал шарттары жана кыштын узак болушу да мал чарбачылыгына терс таасирин тийгизген. Демек, бул тармактагы продукциянын көлөмүнүн төмөндөөсү айыл-чарба продукциясын чыгаруунун өсүш арымына да алгылыксыз таасирин тийгизет.

Бүтүндөй алганда, учурда, Кыргыз Республикасынын экономикалык өсүшүн болжолдоолорго ар кандай баа берүүлөр орун алган, алар 1,5-5,0 пайыз чегинде өзгөрүп турат.

Отчеттук мезгил ичинде көмүскө секторду эске алуу менен жана эске алуусуз ИДӨнүн терс ажырымы түптөлгөн. Жаңыртылган болжолдоого ылайык, 2012-жылы потенциалдуу ИДӨнүн анын айкын маанисинен артышы күтүлүүдө.

**4.1.1-сүрөт. Айкын жана потенциалдуу ИДӨнүн болжолдоолору**




## 4.2. 2012-жылга жана 2012-жылдын II чейрегине карата инфляцияны болжолдоолор

Дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордогу баалар Кыргызстандагы ички инфляцияга олуттуу таасир этүүсүн улантышууда, бул керектөөнүн импорттук берүүлөргө кыйла көз карандуулугу менен шартталган.

Бүтүндөй алганда, 2012-жыл ичинде баанын өсүшү, азык-түлүк товарларына баанын жай өсүшү, калктын топтолгон инфляциялык күтүүлөрүнүн төмөндөөсү жана суроо-талаптын жана сунуштун кандайдыр бир олуттуу тышкы жана ички таасирлеринин жок болушу шартында, 8-9 пайыз деңгээлинде күтүлүүсү сакталып турат.

Кыргызстандын керектөө бааларынын индексинин (КБИ) жана GSCI-ag индексинин жогорку деңгээлде корреляциясы сакталып турат, бул ички инфляциянын дүйнөлүк товардык рыноктордогу баага көз карандылыгын тастыктап турат.

**4.2.1-сүрөт. КБИнин жана GSCIag* индексинин жылдык динамикасы**




* GSCI-ag (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисине болжолдоолор**




Отчеттук жылы КБИ динамикасы 2011-жылдагы туруксуз динамиканын алкагында олуттуу өзгөрүлмөлүүлүгү менен мүнөздөлөт. Алсак, 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгы баалардын жогорку деңгээлде болушу жана жай динамикасы менен мүнөздөлгөн, мында экинчи жарым жылдыкта баалардын деңгээли кескин төмөндөгөн. Ушунун

натыйжасында 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында баалардын жылдык өзгөрүүсүнүн (өтүп жаткан ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата) көрсөткүчү төмөнкү деңгээлде сакталып турат жана отчеттук жылдын экинчи жарым жылдыгында жогорулайт.

Кароого алынып жаткан мезгилде инфляциянын айкын деңгээли «Кыргыз Республикасында 2011-жылдын IV чейреги үчүн инфляцияга баяндама» басылмасында жарыяланган, бул мезгилге карата (2,0 пайыз) болжолдоодон аз түптөлгөн (0,9 пайыз). Азык-түлүк товарларына карата баалардын күтүлүп жаткандагыдан кыйла төмөндөөсү, отчеттук мезгилде инфляциянын өсүш арымынын басаңдоосунун негизги себебинен болгон.

2012-жылдын экинчи чейрегинде инфляциянын динамикасы көбүнчө азык-түлүккө жана КММга баалардын динамикасы жана калктын экономикалык өсүштүн келечектерине карата күтүүлөрү, ошондой эле алгылыктуу ишкердик чөйрө менен аныкталат. Кароого алынып жаткан мезгилде баалардын 1,0 пайызга жакын өсүшү болжолдонууда, мында инфляциянын жылдык мааниси -0,5 пайыздан 1,1 пайызга чейин өзгөрүлүп турат.

**4.2.3-сүрөт. Инфляцияны 2012-жылдын II чейрегине карата болжолдоолор**



# Статистикалык тиркеме

## 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2012-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | **январь** | **февраль** | **март** |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **100,8** | **100,1** | **100,0** |
| Товарлар | 100,8 | 99,9 | 100,0 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,7 | 99,3 | 99,4 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,1 | 100,9 | 100,2 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,7 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,7 | 100,7 | 100,2 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,7 | 99,3 | 99,4 |
| Нан азыктары жана таруу | 98,2 | 98,7 | 99,2 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 98,0 | 99,2 | 99,4 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 94,9 | 96,9 | 98,7 |
| нан | 99,4 | 99,4 | 99,3 |
| Эт | 101,9 | 99,8 | 98,6 |
| Балык | 102,3 | 100,0 | 101,1 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,1 | 100,2 | 98,9 |
| Май жана тоң майлар | 100,0 | 99,5 | 99,6 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 103,6 | 98,5 | 101,1 |
| жемиштер | 100,0 | 100,8 | 100,8 |
| жашылчалар | 105,1 | 97,6 | 101,3 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,1 | 99,3 | 100,0 |
| кумшекер | 100,8 | 99,0 | 100,1 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,9 | 100,4 | 99,5 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,1 | 98,8 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,1 | 100,9 | 100,2 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 100,0 | 101,2 | 100,0 |
| тамеки заттары | 100,5 | 99,9 | 100,8 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 101,9 | 100,2 | 102,1 |
| кийим-кече | 102,2 | 100,1 | 100,1 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 102,6 | 100,0 | 100,2 |
| эр адамдар үчүн кийим | 102,1 | 100,2 | 100,1 |
| аялдар үчүн кийим | 102,3 | 99,7 | 100,2 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 102,2 | 100,3 | 99,4 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 100,4 | 102,9 | 100,1 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 101,2 | 100,3 | 106,8 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,2 | 99,9 | 106,4 |
| аялдар үчүн бут кийим | 101,1 | 100,5 | 108,3 |
| балдар үчүн бут кийим | 102,4 | 100,3 | 102,8 |
| бут кийимди оңдоо | 100,0 | 100,1 | 113,2 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 101,2 | 100,6 | 99,2 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 100,1 | 100,7 | 101,3 |
| кирпич | 97,0 | 101,3 | 101,2 |
| пиломатериалдар | 98,3 | 100,1 | 100,0 |
| цемент | 99,5 | 100,1 | 100,4 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 100,0 | 101,3 | 100,0 |
| курулуш куму | 100,0 | 101,5 | 100,0 |
| шифер | 106,3 | 100,0 | 99,7 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,2 |
| суу менен камсыз кылуу | 99,5 | 100,0 | 100,0 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 101,4 | 100,7 | 98,9 |
| газ | 108,5 | 100,4 | 99,3 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 101,0 | 101,2 | 100,5 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 100,2 | 99,3 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,9 | 103,5 | 100,5 |
| тиричилик шаймандары | 100,1 | 100,6 | 103,4 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 102,3 | 102,4 | 100,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 101,5 | 101,4 | 100,5 |
| Транспорт | 99,4 | 100,3 | 99,9 |
| автотранспортту сатып алуу | 99,8 | 100,5 | 99,7 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 99,4 | 98,3 | 99,9 |
| бензин | 99,4 | 98,2 | 99,7 |
| дизель отуну | 99,9 | 99,2 | 102,2 |
| техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо | 100,0 | 100,5 | 94,3 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 99,3 | 100,7 | 100,1 |
| Байланыш | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 100,4 | 101,1 | 101,1 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 100,4 | 100,3 | 100,0 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,4 | 101,2 | 100,2 |
| Билим берүү | 100,3 | 100,0 | 100,0 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 102,9 | 102,0 | 100,5 |
| коомдук тамактануу | 103,0 | 102,1 | 100,5 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 100,0 | 100,1 | 100,1 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 101,1 | 101,3 | 100,6 |
| жеке тейлөө | 101,3 | 101,4 | 100,3 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 100,0 | 101,0 | 103,3 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

*Булагы: КР УСК*

## 2-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2012-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | **январь** | **февраль** | **март** |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** |
| Товарлар | 102,8 | 101,0 | 98,6 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,7 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 109,7 | 110,6 | 109,8 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,0 | 110,3 | 110,4 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 109,5 | 110,8 | 110,1 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,7 |
| Нан азыктары жана таруу | 96,0 | 91,1 | 84,2 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 91,0 | 86,3 | 79,5 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 90,2 | 82,3 | 73,1 |
| нан | 102,2 | 98,6 | 92,6 |
| Эт | 120,9 | 117,0 | 114,4 |
| Балык | 115,2 | 114,2 | 114,5 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 107,1 | 105,2 | 107,3 |
| Май жана тоң майлар | 105,0 | 104,3 | 101,2 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 76,2 | 73,5 | 70,6 |
| жемиштер | 86,1 | 85,5 | 84,7 |
| жашылчалар | 72,4 | 69,0 | 65,6 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 98,2 | 93,3 | 92,1 |
| кумшекер | 84,9 | 79,2 | 79,2 |
| Башка тамак-аш азыктары | 107,6 | 105,4 | 105,9 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 110,6 | 110,9 | 106,7 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 109,7 | 110,6 | 109,8 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 108,7 | 110,0 | 109,8 |
| тамеки заттары | 112,2 | 111,9 | 109,7 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 113,8 | 112,4 | 112,8 |
| кийим-кече | 112,1 | 111,2 | 111,1 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 112,7 | 112,8 | 112,7 |
| эр адамдар үчүн кийим | 111,5 | 110,6 | 111,5 |
| аялдар үчүн кийим | 111,8 | 111,2 | 111,0 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 112,9 | 111,6 | 110,1 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 110,9 | 109,9 | 108,7 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 117,8 | 114,8 | 116,1 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 125,9 | 118,0 | 120,4 |
| аялдар үчүн бут кийим | 116,0 | 114,1 | 115,5 |
| балдар үчүн бут кийим | 112,0 | 113,3 | 112,3 |
| бут кийимди оңдоо | 110,4 | 107,9 | 114,4 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 103,2 | 104,5 | 104,6 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 114,8 | 114,2 | 114,2 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 107,9 | 108,9 | 107,7 |
| кирпич | 99,8 | 101,1 | 99,3 |
| пиломатериалдар | 108,0 | 108,0 | 105,2 |
| цемент | 95,1 | 96,4 | 95,1 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 107,3 | 109,5 | 109,5 |
| курулуш куму | 117,2 | 118,9 | 108,4 |
| шифер | 111,3 | 111,4 | 111,0 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 95,7 | 95,7 | 95,9 |
| суу менен камсыз кылуу | 105,8 | 105,8 | 105,8 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 103,6 | 105,0 | 105,2 |
| газ | 99,9 | 101,4 | 101,3 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 112,5 | 112,6 | 112,7 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 115,5 | 113,7 | 112,4 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 111,5 | 115,4 | 115,0 |
| тиричилик шаймандары | 110,7 | 110,1 | 113,7 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 107,5 | 110,0 | 109,8 |
| Саламаттыкты сактоо | 112,0 | 112,0 | 111,7 |
| Транспорт | 103,4 | 106,9 | 106,6 |
| автотранспортту сатып алуу | 99,4 | 99,7 | 99,4 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 99,0 | 110,4 | 111,1 |
| бензин | 99,1 | 110,6 | 111,4 |
| дизель отуну | 104,8 | 115,4 | 116,2 |
| техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо | 100,3 | 100,8 | 95,1 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 105,8 | 109,1 | 108,7 |
| Байланыш | 103,1 | 103,1 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 111,6 | 111,9 | 111,3 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 117,3 | 115,2 | 113,9 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 117,0 | 116,9 | 113,6 |
| Билим берүү | 116,0 | 114,9 | 114,8 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 115,9 | 117,9 | 118,2 |
| коомдук тамактануу | 116,0 | 118,1 | 118,5 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 110,0 | 108,2 | 108,1 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 106,4 | 107,3 | 107,5 |
| жеке тейлөө | 106,5 | 107,6 | 107,5 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 107,7 | 107,5 | 111,1 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 99,0 | 97,7 | 95,9 |

*Булагы: КР УСК*

## 3-таблица. Баалардын жана импорттун көлөмүнүн 2012-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык индекси

| Товардын аталышы | *2012-ж. 2 айы* | *2011-ж. 2 айы* | *2011-ж. 2 айы* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | *n12*p12* | *n12*p11* | *n11*p11* | | | |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 155,3 | 133,4 | 87,0 | 1,16 | 1,53 | 1,79 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 36,6 | 19,2 | 17,1 | 1,91 | 1,12 | 2,14 |
| Чоюн жана болот | 23,2 | 21,1 | 12,8 | 1,10 | 1,65 | 1,82 |
| Дары-дармектер (ветеринардыкты кошо алганда) | 19,8 | 37,9 | 27,6 | 0,52 | 1,37 | 0,72 |
| Электрлиниялык телефон же телеграф аппараттары | 14,1 | 7,6 | 10,1 | 1,87 | 0,74 | 1,39 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 13,3 | 16,3 | 15,1 | 0,82 | 1,08 | 0,88 |
| Жер семирткичтер | 13,0 | 8,7 | 8,1 | 1,50 | 1,08 | 1,61 |
| Эт жана эт азыктары | 12,3 | 10,4 | 12,5 | 1,18 | 0,83 | 0,98 |
| Дан эгиндери (полба (буудайдын бир түрү) жана угут, тартылбаган шак | 11,7 | 22,3 | 11,7 | 0,52 | 1,91 | 1,00 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 11,7 | 11,4 | 9,9 | 1,03 | 1,14 | 1,17 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 11,2 | 15,8 | 4,6 | 0,71 | 3,40 | 2,40 |
| Эфир майлары, резиноид жана парфюм каражаттары | 10,2 | 7,9 | 10,3 | 1,28 | 0,77 | 0,99 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автоунаалар | 9,3 | 193,3 | 15,6 | 0,05 | 12,36 | 0,59 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 9,3 | 8,1 | 3,8 | 1,15 | 2,14 | 2,45 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 9,2 | 9,4 | 5,8 | 0,98 | 1,60 | 1,57 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 8,2 | 7,1 | 4,7 | 1,15 | 1,50 | 1,73 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 8,0 | 7,5 | 7,8 | 1,06 | 0,96 | 1,02 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 7,5 | 3,9 | 4,2 | 1,96 | 0,91 | 1,79 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар, чийки заттар, акталган майлар | 7,4 | 7,7 | 4,8 | 0,96 | 1,62 | 1,55 |
| Тапталган жыгачтар | 7,3 | 6,6 | 3,7 | 1,11 | 1,79 | 1,99 |
| Жашылча- жемиштер | 6,6 | 5,1 | 5,4 | 1,28 | 0,96 | 1,22 |
| Жасалма түрдө алынган материалдардан кездемелер | 6,2 | 8,4 | 7,0 | 0,73 | 1,21 | 0,88 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдар | 5,4 | 4,0 | 3,8 | 1,32 | 1,05 | 1,39 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 5,3 | 5,5 | 3,4 | 0,97 | 1,60 | 1,55 |
| Которуштуруу, иргөө жана түздөө үчүн машиналар | 5,2 | 2,3 | 4,0 | 2,26 | 0,57 | 1,29 |
| Тоо кендерин казып алуу үчүн каралган машиналар | 5,2 | 1,8 | 2,4 | 2,85 | 0,75 | 2,14 |
| Кесек жана майдаланган ун, буудай жана угут | 5,0 | 7,4 | 3,2 | 0,67 | 2,32 | 1,55 |
| Башка категорияга кирбеген, электрбайланыш жабдуулары | 4,3 | 0,4 | 0,3 | 9,56 | 1,59 | 15,24 |
| Резинадан жана синтетикалык материалдан жасалган бут кийим | 4,1 | 4,1 | 3,7 | 0,99 | 1,12 | 1,11 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 3,6 | 2,8 | 1,5 | 1,30 | 1,93 | 2,51 |
| Баштапкы эмес формада пластмасса | 3,5 | 3,6 | 2,5 | 0,97 | 1,42 | 1,39 |
| Ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтарынын араалanganы ж-а туурасынан кесилгени | 3,4 | 3,3 | 2,3 | 1,04 | 1,44 | 1,49 |
| Алкоголдук суусундуктар | 3,1 | 2,5 | 2,9 | 1,25 | 0,88 | 1,10 |
| Маргарин жана жуурулган май | 2,8 | 2,7 | 2,2 | 1,04 | 1,26 | 1,31 |
| Маалыматтарды авт. түрдө иштеп чыгуучу машиналар жана алардын түйүндөрү | 2,6 | 1,2 | 1,3 | 2,19 | 0,93 | 2,04 |
| Балыктардын түрлөрү | 2,5 | 2,2 | 1,5 | 1,13 | 1,46 | 1,65 |
| Башка категорияларда камтылбаган электр жылыткыч приборлор | 2,5 | 1,7 | 1,2 | 1,50 | 1,38 | 2,06 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 2,4 | 2,0 | 2,7 | 1,19 | 0,76 | 0,91 |
| Жүктөрдү ташуу үчүн чиркегичтер жана жарым чиркегичтер | 2,4 | 3,0 | 0,7 | 0,81 | 4,44 | 3,60 |
| Башка катег. кирб., чоюндан жасалган конструкциялар жана алардын элементтери | 2,4 | 2,7 | 0,8 | 0,88 | 3,43 | 3,01 |
| Медициналык жана фармацевтикалык дары-дармектер | 2,1 | 2,1 | 1,9 | 1,04 | 1,11 | 1,15 |
| Кофталар, күрмөлөр, чыптамалар жана ушул сыяктуу башка буюмдар | 2,1 | 1,9 | 2,0 | 1,10 | 0,92 | 1,01 |
| Даяр эмес тамеки; тамеки калдыктары | 2,0 | 1,1 | 1,6 | 1,84 | 0,67 | 1,24 |
| Жеңил авт-р, эл ташуу үчүн каралган унаалар | 1,9 | 1,6 | 1,9 | 1,17 | 0,82 | 0,96 |
| Шагылды, ташты ж-а кендерди иргөө, электен өткөрүү ж-а бөлүү ү-н каралган маш. | 1,9 | 2,6 | 0,8 | 0,71 | 3,17 | 2,24 |
| Полго төшөлмөлөр | 1,8 | 1,2 | 1,2 | 1,51 | 1,04 | 1,57 |
| Жыгач тактайлар | 1,8 | 1,4 | 1,4 | 1,33 | 0,99 | 1,31 |
| Башка категорияларга кирбеген түрдүү химиялык заттар | 1,8 | 1,3 | 1,5 | 1,39 | 0,88 | 1,22 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган кийимдер | 1,8 | 2,1 | 0,9 | 0,86 | 2,28 | 1,96 |
| Май жана сырдан тышкары сүт, каймак жана сүт азыктары | 1,8 | 1,9 | 1,3 | 0,95 | 1,37 | 1,31 |
| Түс өзгөртүүчү жана ийлөөчү заттар, боектор | 1,7 | 1,8 | 1,3 | 0,98 | 1,37 | 1,34 |
| Айнек идиштер, айнек тыгындар жана термос үчүн айнек тетиктер | 1,7 | 1,7 | 2,0 | 0,99 | 0,88 | 0,88 |
| Жез | 1,6 | 1,7 | 1,5 | 0,96 | 1,13 | 1,09 |
| Батареялар жана электроаккумуляторлор; жана алардын тетиктери | 1,6 | 2,6 | 1,4 | 0,60 | 1,90 | 1,13 |
| Инсектициддер, родентициддер, фунгициддер, гербициддер | 1,6 | 1,4 | 1,2 | 1,15 | 1,10 | 1,27 |
| Электроаккумуляторлор | 1,5 | 1,6 | 0,9 | 0,99 | 1,73 | 1,71 |
| Муздаткычтар жана тоңдургучтар | 1,5 | 1,1 | 1,1 | 1,34 | 1,08 | 1,44 |
| Жылмакай керамика төшөлгүчтөр | 1,5 | 1,5 | 1,2 | 1,00 | 1,23 | 1,23 |
| Башка категорияларга кирбеген энергия бөлүштүрүүчү жабдуулар | 1,5 | 1,8 | 1,6 | 0,85 | 1,10 | 0,93 |
| Кир жуугуч жабдуулар | 1,5 | 1,3 | 1,2 | 1,13 | 1,07 | 1,21 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 1,5 | 1,2 | 1,0 | 1,24 | 1,18 | 1,46 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металл буюмдары | 1,5 | 1,3 | 0,7 | 1,12 | 1,78 | 1,99 |
| Экскаваторлор жана сузгуч жүктөгүчтөр | 1,4 | 11,9 | 5,1 | 0,12 | 2,36 | 0,28 |
| Электрдик трансформаторлор, | 1,4 | 4,2 | 0,1 | 0,33 | 29,63 | 9,86 |
| Чыпкалоочу ж-а тазалоочу маш. ж-а суюктуктар ж-а газ ү-н каралган идиштер | 1,4 | 0,5 | 0,5 | 2,87 | 0,99 | 2,85 |
| Ийрилген жана токулган байпактар | 1,4 | 1,4 | 1,0 | 0,98 | 1,39 | 1,37 |
| Мештер, ашкана мештери, плиткалар, кайнаткычтар, грилдер | 1,4 | 0,7 | 0,7 | 2,13 | 0,89 | 1,90 |
| Ийрилген жиптер | 1,4 | 1,3 | 1,3 | 1,04 | 1,03 | 1,07 |
| Мыктар, буроолор, бурамалар ж.у.с. | 1,4 | 1,3 | 1,4 | 1,08 | 0,89 | 0,97 |
| Идиш жуугучтар; толтуруу жана тыгындоо үчүн машинкалар | 1,3 | 0,7 | 0,5 | 1,77 | 1,46 | 2,58 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **525,9** | **680,6** | **370,5** | **0,77** | **1,84** | **1,42** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***74%*** | | ***79%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **710,6** | | **471,1** | | | |

УСКнын СИФ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада импорттун баштапкы 70 ири статьясы келтирилген
n- товардын импортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү импорттук баасы

## 4-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун 2012-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси

| Товардын аталышы | 2012-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n12*p12 | 2011-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n12*p11 | 2011-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n11*p11 | Индекстер баасы | физ. көлөмү | наркы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Монетардык эмес алтын | 96,3 | 80,0 | 255,1 | 1,20 | 0,31 | 0,38 |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 15,2 | 10,6 | 15,0 | 1,44 | 0,70 | 1,01 |
| Жашылча-жемиштер | 14,5 | 12,6 | 21,4 | 1,15 | 0,59 | 0,68 |
| Мунай, мунайзаттары жана ушундай эле материалдар | 9,5 | 10,0 | 3,8 | 0,95 | 2,61 | 2,49 |
| Пахта | 6,7 | 5,5 | 3,3 | 1,22 | 1,67 | 2,04 |
| Электр тогу | 4,5 | 3,6 | 2,3 | 1,22 | 1,56 | 1,91 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 4,4 | 0,7 | 1,3 | 6,74 | 0,51 | 3,45 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 3,9 | 1,2 | 0,3 | 3,24 | 3,49 | 11,32 |
| Чоюн жана болот | 3,3 | 3,3 | 2,3 | 1,00 | 1,42 | 1,43 |
| Металлургияда колдонулуучу баалуулукка жатпаган түрдүү металлдар ж-а металл керамикасы | 3,2 | 2,9 | 2,8 | 1,14 | 1,03 | 1,17 |
| Ысытуу лампалары | 3,1 | 2,4 | 1,6 | 1,29 | 1,49 | 1,92 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган кийимдер | 2,9 | 0,5 | 0,1 | 5,66 | 5,67 | 32,05 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автоунаалар | 2,2 | 2,1 | 1,8 | 1,01 | 1,17 | 1,18 |
| Көйнөктөр | 1,5 | 1,7 | 1,1 | 0,93 | 1,54 | 1,42 |
| Пальтолор, кыска пальтолор, жамынмалар, плащтар жана ушул сыяктуулар | 1,5 | 1,6 | 2,6 | 0,91 | 0,62 | 0,57 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 1,5 | 1,2 | 1,2 | 1,22 | 1,02 | 1,25 |
| Тирүү жандыктар | 1,5 | 1,5 | 1,7 | 0,95 | 0,90 | 0,86 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 1,4 | 1,7 | 1,3 | 0,85 | 1,32 | 1,12 |
| Ийрилген жана токулган байпактар | 1,4 | 1,2 | 1,2 | 1,17 | 0,99 | 1,16 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 1,2 | 0,2 | 0,3 | 6,16 | 0,68 | 4,20 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдар | 1,2 | 0,7 | 0,6 | 1,56 | 1,17 | 1,83 |
| Ири мүйүздүү мал териси же ат териси жана тери сырьелор | 1,1 | 1,0 | 1,2 | 1,16 | 0,83 | 0,96 |
| Башка категорияга кирбеген, металл сыныктары жана баалуулукка жатпаган түстүү металлдар | 1,0 | 1,1 | 0,0 | 0,96 | 27,03 | 25,82 |
| Портландцемент, цемент | 0,9 | 0,8 | 0,4 | 1,12 | 1,86 | 2,08 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 0,9 | 0,8 | 0,9 | 1,09 | 0,88 | 0,96 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 0,9 | 1,0 | 0,4 | 0,85 | 2,30 | 1,95 |
| Башка категорияга кирбеген тамак –аш азыктары жана препараттар | 0,9 | 0,7 | 2,0 | 1,16 | 0,37 | 0,43 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 0,7 | 0,1 | 0,2 | 8,02 | 0,42 | 3,38 |
| Майкалар, ички юбкалар, бикини, ички жана түнкү кийимдер | 0,7 | 0,2 | 0,2 | 2,75 | 1,58 | 4,36 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 0,6 | 1,2 | 0,4 | 0,56 | 3,05 | 1,70 |
| Эт жана эт азыктары | 0,6 | 0,6 | 0,4 | 0,94 | 1,61 | 1,52 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 0,6 | 0,4 | 0,7 | 1,54 | 0,52 | 0,81 |
| Башка категорияга кирбеген, баалуулукка жатпаган металл буюмдары | 0,6 | 0,6 | 0,2 | 0,97 | 3,64 | 3,54 |
| Кофе, чай, какао жана алардан жасалган таттуу азыктар | 0,6 | 0,5 | 0,6 | 1,06 | 0,87 | 0,93 |
| Юбкалар жана юбка-шымдар | 0,6 | 0,6 | 0,8 | 0,98 | 0,76 | 0,75 |
| Иштетиле элек тамеки; тамеки калдыктары | 0,6 | 0,4 | 1,0 | 1,49 | 0,38 | 0,57 |
| Сыр жана быштак | 0,5 | 0,7 | 0,1 | 0,77 | 11,73 | 9,04 |
| Парфюмерияда жана фармац. колдонулуучу өсүмдүктөр жана алардын бөлүктөрү | 0,5 | 0,9 | 0,1 | 0,58 | 6,08 | 3,49 |
| Темир жол жана трамвай жолдору үчүн арматуралар жана бекиткичтер, белги берүүчү жабдуулар | 0,5 | 0,0 | 0,0 | 35,07 | 1,03 | 36,24 |
| Май жана тоң майлар жана сүттөн алынган башка майлар | 0,5 | 0,4 | 0,1 | 1,16 | 3,56 | 4,12 |
| Башка категорияга кирбеген кыймылдаткычтар жана алардын тетиктери | 0,5 | 0,8 | 0,0 | 0,57 | 24,65 | 14,13 |
| Башка минералдык заттар | 0,5 | 0,8 | 0,5 | 0,58 | 1,62 | 0,93 |
| Жеңил автоунаалар жана жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн каралган автоунаалар | 0,4 | 0,3 | 0,1 | 1,35 | 3,14 | 4,25 |
| Электр трансформаторлору | 0,4 | 0,2 | 0,2 | 2,51 | 0,96 | 2,41 |
| Жасалма түрдө алынган материалдардан кездемелер | 0,4 | 0,5 | 0,5 | 0,85 | 1,06 | 0,90 |
| Күмүш | 0,4 | 0,4 | 1,6 | 1,05 | 0,24 | 0,26 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **196,5** | **160,2** | **333,8** | **1,23** | **0,48** | **0,59** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***87%*** | | ***94%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **226,8** | | **354,2** | | | |

УСКнын кошумча баалоолорусуз ФОБ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада экспорттун баштапкы 46 ири статьясы келтирилген.
n- товардын экспортунун физикалык көлөмү
р-товардын эсептешүү экспорттук баасы

## Глоссарий

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча каражаттары боюнча милдеттенмелери жана Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын улуттук валютадагы башка депозиттик корпорациялар алдындагы милдеттенмелери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.

**М0** – банктардан тышкаркы акча.

**М1** – М0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.

**М2** – М1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.

**М2Х** – М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер.

**Базалык инфляция -** баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык). Эсептөөдө сүт, кант, мөмө-жемиш жана алкоголдук - тамеки продукциялары, КММ, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун кызмат көрсөтүүлөрү, байланыш жана башкалар. бүтүндөй алганда алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

**Башка депозиттик корпорациялар –** бул, борбордук банктан тышкаркы, бардык финансылык корпорациялар – резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлешет.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери** - бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук

банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж)лардын төлөө күнүндө Финансы министрлиги бир эле учурда төлөө менен бирге, төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда, Улуттук банктын пайдасына МКВ(ж)лардын жаңы сериясын чыгарат.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган нак акча.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**Ички дүң өнүмүнүн дефлятору** – бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДӨдөгү өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн, экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДӨнүн дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДӨнүн өткөн жылдын баасындагы ИДӨнүн өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топ боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Мамлекеттик казына векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу

жума сайын ишке ашырылат. Тике катышуучулар аукциондорго катышуу укугуна ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Мамлекеттик казына облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүү максаты болуп саналат.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банк аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздары кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** - жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн өз продукцияларына алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар кирет.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДӨ ажырымы)** – бул, ИДӨнүн потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан аз болсо ($Y<Y^*$),

экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстердин болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Ал эми тескерисинче, эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан чоң болгон (Y>Y*) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

**Своп-операциялар** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Улуттук банктын репо-операциялары** – бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Эсептик чен** – бул, экономикадагы акча ресурсунун наркын аныктоо үчүн негизги ориентир катары пайдаланылган каражат. Эсептик чендин өлчөмү, Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча акыркы төрт аукциондогу банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо белгисине теңештирилген.

**GSCI-ag (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) –** физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.

## Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| МКВ | Мамлекеттик казына векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казына облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| АКЖК | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл-чарба министрлиги |
| КР УБ | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| СФРБ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| GSCI-ag | Goldman Sachs Commodity Index-agricultural |